**Ош эл аралык медициналык университети**

**Дарылоо иши факультети**

**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН ОТУРУМУНУН**

№ 8 ПРОТОКОЛУ

04 04. 2026-ж.

Ош шаары

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: б.и.к., доцент Орунбаева Б.М.

Окуу-методикалык кеңешинин катчысы: окутуучу Танабаева А.К.

КАТЫШУУЧУЛАР:

Деканат өкүлдөрү, кафедра башчылары, НББП жетекчиси, СМК жетекчиси, жаш окутуучулар, окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар, Окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ:

Университеттин окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иштердин анализи

Жаш окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү жана “Устат-шакирт” системасынын ишмердүүлүгү

Окуу-методикалык колдонмолорду даярдоо жана илимий публикацияларды көбөйтүү боюнча иштер

Ар түрдүү маселелер: эл аралык аккредитацияга даярдык көрүү

УГУЛДУ:

1-маселе боюнча

Университеттин окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер каралды. Окутуучулардын квалификацияны жогорулатуу курстарына, семинарларга, вебинарларга жана эл аралык тренингдерге катышуусу боюнча маалыматтар угулду.

Клиникалык кафедраларда практикалык көндүмдөрдү жакшыртуу максатында симуляциялык окутуу боюнча кошумча окууларды уюштуруу зарылдыгы белгиленди. Англис тилинде сабак берген окутуучулардын тилдик компетенциясын өнүктүрүү маселеси көтөрүлдү.

Ошондой эле квалификацияны жогорулатуу боюнча түзүлгөн графиктин аткарылышына кафедра башчылары тарабынан туруктуу көзөмөл жүргүзүү зарылдыгы белгиленди. Окутуучулардын өз убагында курстардан өтүүсү жана сертификаттарынын жаңыланып турушу көзөмөлгө алынары айтылды.

2-маселе боюнча

Жаш окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү жана "Устат-шакирт" системасынын алкагында жүргүзүлүп жаткан иштер каралды.

Тажрыйбалуу окутуучулар тарабынан жаш адистерге сабак өтүү методикасы, окуу процессин уюштуруу, студенттер менен иштөө маданияты жана окуу документтерин даярдоо боюнча практикалык жардам көрсөтүлүп жатканы белгиленди.

Жаш окутуучулар үчүн ачык сабактарга катышуу, өз ара сабакка кирүү жана усулдук семинарларды өткөрүү иштерин күчөтүү сунушталды.

3-маселе боюнча

Окуу-методикалык колдонмолорду даярдоо, жаңылоо жана илимий публикацияларды көбөйтүү маселеси талкууланды.

Ар бир дисциплина боюнча жаңы окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу, клиникалык дисциплиналар үчүн алгоритмдерди, диагностикалык схемаларды жана кейс-стади материалдарды киргизүү зарылдыгы белгиленди.

Англис тилдүү сабактар үчүн эл аралык стандартка ылайык методикалык колдонмолорду даярдоо маселеси өзгөчө каралды.

Факультет тарабынан даярдалган 30дан ашуун окуу-методикалык колдонмо каралып чыгып, басмадан чыгарууга сунушталып, бекитилгени белгиленди. Айрым колдонмолор электрондук форматка өткөрүлгөнү маалымдалды.

квалификацияны жогорулатуу иштери жүргүзүлүп жатат, бирок графиктин аткарылышын күчөтүлгөн көзөмөлгө алуу зарыл;

жаш окутуучулар менен методикалык иштерди системалуу жүргүзүү керек;

англис тилдүү методикалык материалдарды көбөйтүү зарыл;

окуу-методикалык колдонмолорду жаңылоо иштери улантылышы керек;

эл аралык аккредитация талаптарына ылайык документтерди өркүндөтүү зарыл.

ТОКТОМ:

1.Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер күчөтүлсүн.

2.Квалификацияны жогорулатуу графигинин аткарылышы кафедра башчылары тарабынан туруктуу көзөмөлдөнсүн.

3.“Устат-шакирт” системасынын алкагында жаш окутуучуларга методикалык жардам системалуу жүргүзүлсүн.

4.Жаш окутуучулар үчүн ачык сабактар, семинарлар жана практикалык тренингдер уюштурулсун.

5.Ар бир дисциплина боюнча окуу-методикалык колдонмолор жаңылансын жана жаңы колдонмолор даярдалсын.

6.Англис тилдүү сабактар үчүн методикалык камсыздоо күчөтүлсүн.

30дан ашуун даярдалган методикалык колдонмолор басмадан чыгарууга сунушталсын жана окуу процессине киргизилсин.

7.Эл аралык аккредитацияга даярдык көрүү боюнча документтерди жаңылоо иштери күчөтүлсүн.

8.Документтердин электрондук базасын түзүү кафедра башчыларынын көзөмөлүнө алынсын.

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: ____________ /Орунбаева Б.М./

Катчысы: ____________ /Танабаева А. К./